№78 М.Жолдошалиев атындагы орто мектеби

# «Улуттук адабият күнүнө»

# Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү

Аткарган : Калыкулова Р, Кулбаева Г

Текшерген: Мырзабекова О

12-декабрь «Улуттук адабият күнүнө» карата

## Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү

**Иш чаранын максаты:** Айтматовдун чыгармаларынан жашоого болгон көз караштын тактыгын , ак –каранын ачыктыгын,коомдогу терс көрүнүштөрдү талдай билүүсү , мыкты идеаларды өздөрүнө алып ,жашоодо колдоно билүүсү.

Алып баруучу :Аккыз

Кырк миң жыл өтсөдагы эстен чыккыс ,
Кыргыздын кыраны бар аты Чыңгыз.
Кайсы элге барса дагы тааный турган,
Кыргыздын паспорту бар аты Чыңгыз.

Түмөн жыл өтсө дагы унутулгус ,
Түрк элдин туйгуну бар аты-Чыңгыз.
Туптуу эл түбөлүккө даңкталсын деп,
Теңирим тартуу кылган өчпөс жылдыз.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына поэзиялар

1.Эки окуучуНурзада ,Нурэл

Чыңгыз ата –сөз дайранын мүрөк суусун ичирген,
ак барака дүйнө элесин түшүргөн,
сен бир улуу жомокчусуң биз үчүн,
Жаш балдардын кең дүйнөсүн түшүнгөн.

Чыңгыз ата –абийир чебин эч ким бузуп ачалгыс,

Өзүбүздү мураскери атайбыз.

Биз дүйнөнүн тукум улар балдары,

Бугу энени ыйык тутуп жашайбыз.

2.(Матрос жигит ,кызыл алмадагы кыз)Нурсейит,Зарнигар

Чыңгыз ата –айрылышкан жүрөктөрдү издеттиң,

Ай ааламды сүйүү менен гүлдөттүң.

Мал дүйнөдөн бийик тутуп арзууну ,

Жан дүнөнү тандаганды үйрөттүң.

Чыңгыз ата –бара жатсам сыноосунда чоң жолдун,

кантип анан сүйүү ырын созбоймун .

ашыгыма алма сунган кол менен,

Ааламдагы ашыктыкты коргоймун.

3. (Жаш жигит менен жаш келин)Байендер ,Миланда

Чыңгыз ата–Сүйүүсү эмне сен билдиң,

өткөн жана келе жаткан мезгилдин.

Бала бакыт экендигин түйдүрүп,

бала бакыт экендигин сездирдиң.

4 .Нурэл,Аяна

Чыңгы ата– эл деп сокту ,жер деп сокту жүрөгүң

Жаш балдарды улуулукка сүрөдүң

Маңкурт болуп калбасын деп урпактар

Чагылдырдың аталардын тилегин.

Чыңгыз ата–жакшылыкты жарсаласың талыкбай

сенин сөзүң караңгыда жарыктай

Мен энемин өзүң жазган түйшөлүп

Турмуш жүгүн көтөрө алган майышбай

Чыңгыз ата–сен дүйнөгө кудай берген белексиң.(бирге айтышат)

«Ак кеме» повестинен үзүндү:Эргешов Байендер

Эмне үчүн адамдар бири бактылуу,бири бактысыз?.

Эмне үчүн адамдар бири боорукер ,бири мыкачы ?Эмне үчүн адамдардын балдары бар? Орозкулдун баласы жок? Орозкул мыкачы ,аны жазалаш керек.(жатат көлдү карайт ак кемени көрөт)Ак кеме ,ээк–еей ак кеме ,ак кеме мен келдим ,мени ала кет.Токтоо мени ала кет мен сенин уулуңмун,Мен бари –бир балык болуп сүзүп кетем.

« Ак кеме »повестиндеги Керээз кемпир .Эргешбаева Орозбүбү

Өш ,өш иттин гана музоосу десе! (.Шейшепти алып ,силкип кермеге илип ,кыйкыра баштайт) Ээй Нургазы ,Нугазы сениби шашба ,келерсиң шашба!(нары бери басын жиндеп)

– Алдагы дүрбүнү көрүп бүттүңбү ?Алыпкел бери ,Орозкул келсе соет ,соет!

«Эрте келген турналар» повестинен үзүндү .Мукамед,Ырыскелди

Ажымурат : Качып баратса ,тим турбай коштоп койбойсуңбу?

Султанмурат :Аны не кыласың?(уруп коют)

Ажымурат:Сен турасың да,(ыйлап сүйлөнөт)атам согушта жүрсө ,келгенде тебетей тиктирип берет элек .Сен ыйлаба мен атам келсе, катын алайын деп атам.

Ажымурат: Катын дейсиңби ,кимди аласың?

Султанмурат:Аны сен деле таанысың.Сен чоң ишке жарашың керек .

Ажымурат:Кандай иш ?

Султанмурат :Кат алып барышың керек ,жообун алып келишиң керек.Эгер ал жообун берсе титиги дөбөдөн мобинтип сүйүнүп , чуркап кел . Эгер жообун бербесе капа болуп кел.

Ажымурат: Ий ошондо сен Мырзагулду сүйөсүңбү? сүйөт экенсиң ээ ,кызарып да кеттиң?(уруп коет инисин ,ыйлып) Атам согушта сен мени урасың сени элеби, атам келгенде айтбасам.(ыйлап бутуп )Сен коркбо мен сени эч кимге айтбайм, мени атам келгенде атка мингизип алып экөөбүз үзөңгүдөн кармап чуркайбыз ээ.Апам менен сенин катының бизди тосуп чыгат ээ.

Ажымурат:Мырзагул + Султанмурат деп кыйкырып качып кетет.

Толгонайдын монологу. Молдошова Сайкал

Куйрук улаш эки паравоз чиркелип кызыл темир дөңгөлөк күркүрөп ,шакылдап өтө берип адегенде жайдак вагондордо чүмкөлгөн замбирек танкилер жанындагы мылтыкчан кишилери менен көзгө урунуп анан вагондордун эшигинде топтолгон солдаттар кыяк ,ыр,сөз кулака ,көзгө илинбей алмашып дуулдады .Колуна желекче кармаган кандайдыр бир темир жолчу чуркап келип «Токтобойт! ,Токтобойт!» деп

колун шилтеп бизди көкүрөккө түткүлөп ,темир жолдон четтете берди эле «Апаа-а,Алима –ан» деген кыйкырык жаныбыздан угула түштү.Майсалбекк !Алда айланып согулуп кетейин балам аай,бир колу мен вагондун туткасын кармап боюн сыртка таштап ,тымагын булгалап өтүп бара жаткан экен. «Майсалбек!»-деп кыйкырганымды бир биллем.ошол чагылгандай ookумда Майсалбектин өңү түсү эң бир даана көрүндү.Шинелинин этектери шамалга чамынып чачы желпилдае жүзүндө ,көзүндө өкүнүч да ,сүйүнүч да ,учурашуу да ,коштошуу да! Арылдаган шамал анын кыйкырыгын жула качып Майсалбектин ушул түрүнөн көз айрыбай ал алыстаган сайын поезд менен кошо жарышып эшалондун эң арткы вагону жанымдан өтө бергенче артыман дагы жүгүрө түшүп ,жүз төмөнүмдөн жыгылдым,Ай ошондо ,боздогонум ай ,какшаганым ай !

«Биринчи мугалим» повестиндеги Алтынайдын монологуЭркинбаева Асел

Демейде ар нерсеге кайраты жеткен Дүйшөн бул жолу канчалык чымырканса да,

ичтен сызып кайгырганын жашыра албай .Ал мени кайра тигиле карап жакамдын топчуларына чейин эркелете сылап кыя албай турду.Мен сени өмүрү жанынан чыгарбас элемАлтынай бирок кантейин буга менин билимим жетпейт,кармашып балдарды окута берем,Күчүм канча жетсе ошончо окутам.Бул арада таланы жаңыртып оттору балбылдага поезд көрүндү,мына эми азыр жөнөйсүң бактылуу бол.!

Канатыңды жайып талпынгын эч нерседен тайманба ,чабыттап учкун окуй бер Алтынай сүйлөөгө дарманым келбей мен ыйлап эле тура бердим… «Ыйлаба Алтынай,баягы биз тиккен терекчелерчи ,өзүм багып өстүрөм,аман болсок кайрылып бир келсең кандай болгонун көрөрсүң али» –аңгыча жарк журк этипшарактаганпоезд да келип жетти ,канна эми баш көкүл чачыңдан

айланайынАлтынай бери болчу маңдайыңдан өбөйүн.Дүйшөн мени кучактап ,чачымдан жыттап,маңдайымдан өптү.Ал эми сапарың ачылсын жоодураган көздөрүңөн айланайыным..вагондун тепкичтерине чыгып баратып тигиндей барып кайрылсам.сындыра чабылган колун монуна асылганДүйшөн беркu соо колун сунуп жүткүнө берди эле поезд ордунан жылып жөнөдү..

«Кош Алтынай !Кош чырагым!Кош агай!Кагылайын айланайын агай»- дедим мен.

вагонду жандап жүгүрүп келе жатканДүйшөн бир убакта арта кала берди,Станциянын капчыгайы солк эте түшкөндөй: «Алтынай» деп баягыдай бирок андай да эмес ойунда турган алда нении айтпай калып өкүнгөндөй жүрөктүн түпкүрүнөн атырылып чыккан ошол кыйкырык ушул күнөг чейин кулагыма угулуп тургансыйт.Казактын дархан талаасы менен эркин эле күпүлдөп поезд менин жаңы эмгекке ,жаңы турмуш ,жа1ы күрөшкө алып бараткансыйт.Кош биринчи мугалимим ,кош балалык чагым ,кош жер кыртышы астынлөда көзү ачылбай калган тунук булак өңдү ,бирок эч ким билбеген эң биринчи нариcте сүйүүм....